**ЕВРАЗИЯ ЭКОНОМИКАЛЫК БИРЛИГИНИН СОТУ**

КОНСУЛЬТАТИВДИК КОРУТУНДУ

2025-жылдын 12-февралы Минск шаары

Евразия экономикалык бирлигинин Сотунун Чоң коллегиясы төрагалык кылуучу Соттун төрагасы А.А. Дронов, судья-баяндамачы Н.В.Павлова, судьялар А.М. Ажибраимова, Э.В. Айриян, Д.П. Александров, А.А. Забара, М.Т. Кайыпов, А.Б. Кишкембаев, Н.В. Павлова, А.Г. Туняндын курамында,

сот отурумунун катчысы А.А.Пановдун катышуусунда

иштин материалдарын иликтеп, судья-баяндамачыны угуп,

Евразия экономикалык бирлигинин Сотунун Статутунун 46, 47, 50, 68, 69, 73, 96, 98-пункттарын, Евразия экономикалык бирлигинин Сотунун Статутунун 72, 85-беренелерин жетекчиликке алып,

2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө Келишимдин жоболорун түшүндүрүү тууралуу Евразия экономикалык комиссиясынын арызы боюнча консультативдик корутунду берет.

**I. Арыз ээсинин суроосу**

Евразия экономикалык комиссиясы (мындан ары – арыз берүүчү, Комиссия) Евразия экономикалык бирлигинин Сотуна (мындан ары – Сот) 2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимдин (мындан ары – Келишим) жоболорун түшүндүрүү тууралуу арызы менен кайрылды.

Арыз ээси Комиссиянын иш тажрыйбасында атаандаштыктын жалпы принциптери жана эрежелери жөнүндө Протоколдун 16-пунктунда (Келишимдин № 19 тиркемеси; мындан ары – Протокол) каралган жеке жактарга айып салуу жөнүндө Комиссиянын чечимдерине сот тартибинде даттанууга байланыштуу маселе пайда болгонун көрсөтөт.

Протоколдун 14-пунктуна ылайык Бирликтин Сотунда Комиссиянын атаандаштык чөйрөсүндөгү актыларын Протоколдун жоболорун эске алуу менен Евразия экономикалык бирлигинин Сотунун Статутунда (Келишимдин № 2 тиркемеси; мындан ары – Соттун Статуту) каралган тартипте талашууга болот. Ошону менен бирге Соттун Статутунун 39-пунктуна ылайык Келишимди, Евразия экономикалык бирлигинин (мындан ары – ЕАЭБ, Бирлик) алкагында эл аралык келишимдерди жана (же) Бирликтин органдарынын чечимдерин ишке ашыруу маселелери боюнча келип чыккан талаштар боюнча сотко кайрылуу укугуна мамлекеттер гана ээ болуп мүчө мамлекеттин же үчүнчү мамлекеттин мыйзамдарына ылайык катталган юридикалык жактар же мүчө мамлекеттин же үчүнчү мамлекеттин мыйзамдарына ылайык жеке ишкер катары катталган жеке жактар (жеке

ишкер статусу берилген; мындан ары – жеке ишкерлер) кирген Бирликке мүчө мамлекеттер жана чарба жүргүзүүчү субъекттер эсептелет.

Чек ара аралык рыноктордо атаандаштыктын жалпы эрежелерин бузгандыгы үчүн жоопкерчиликке тартылган башка жеке жактардын Сотко кайрылуусу Соттун Статутунун жоболору менен түздөн-түз каралган эмес, бул Комиссиянын актыларын талашуу маселесиндеги укуктук белгисиздикти күбөлөндүрөт, көрсөтүлгөн категориядагы жактардын бузулган укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын сот аркылуу коргоо укугун жүзөгө ашыруусу үчүн тоскоолдуктарды жаратат.

Ошол эле учурда Комиссия Соттун Статутунун 41-пунктунун талашты чечүү боюнча компетенциянын бар экендиги жөнүндө маселени чечүүсүнө тиешелүү жоболору Сотко чек ара аралык рыноктордогу атаандаштыктын жалпы эрежелерин бузгандыгы үчүн жоопкерчилик чаралары колдонулган юридикалык жана жеке жактарга карата Бирликтин укугун бир түрдүү колдонууну камсыз кылууга мүмкүндүк берет деп эсептейт.

Ошону менен бирге арызданууучу Келишимде Комиссиянын атаандаштык чөйрөсүндөгү бардык актылары, аракеттери (аракетсиздиги) Протоколдун жоболорун эске алуу менен Соттун Статутунда каралган тартипте Бирликтин Сотунда талашылуу мүмкүндүгүн жөнүндө жалпы жобонун болушу (Протоколдун 14-пунктунун экинчи абзацы) мүчө мамлекеттер тарабынан Комиссиянын актыларына жеке жактардын даттануу мүмкүнчүлүгүн караган Соттун компетенциясын Келишимде бекемдөө жөнүндө маселени кароо зарылдыгын болжолдойт, алар менен көрсөтүлгөн жактар чек ара аралык рыноктордо атаандаштыктын жалпы эрежелерин бузгандыгы үчүн жоопкерчиликке тартылат.

Мында Комиссия колдонуудагы укуктук жөнгө салуунун алкагында, анын ичинде Бирликтин органдарынын чечимдерине даттануу жөнүндө арыздарды кароо боюнча Соттун өзгөчө компетенциясы болгон көз караштан алганда, сот органдарынын юрисдикцияларынын улуттан жогорку жана улуттук деңгээлдерде так чектелгендигин белгилейт. Муну эске алуу менен жеке жактардын таламдарын сот аркылуу коргоо укугун ишке ашыруунун кепилдиктери жүзөгө ашырылууга жана бекемделүүгө тийиш.

Жогоруда баяндалганды эске алып, арызданууучу Соттон Протоколдун 14-пунктун, Соттун Статутунун 39 жана 41-пункттарын системалуу өз ара байланышта түшүндүрүү боюнча, Келишимде каралган сот адилеттигине жетүү укугун жана Бирликтин органдарынын иммунитетин эске алуу менен, чек ара аралык рыноктордогу атаандаштык чөйрөсүндөгү бузуулар үчүн алардын жоопкерчилигин аныктаган Комиссиянын актыларын талашуу жөнүндө жеке жактардын арыздары боюнча талаштарды кароо боюнча Соттун компетенциясы бар экендигине карата консультативдик корутунду берүүнү өтүнөт.

**II. Соттун корутундусу**

Соттун Статутунун 50-пунктун жетекчиликке алып, Соттун Чоң

коллегиясы Келишимдин жоболорун эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптеринин жана ченемдеринин негизинде алардын туруктуу өз ара байланышында 1969-жылдын 23-майындагы Эл аралык келишимдердин укугу жөнүндө Вена конвенциясынын 31-беренесинин жоболорун эске алуу менен түшүндүрөт,Ушундан улам келишимдин контекстиндеги, ошондой эле келишимдин объекти менен максатына карай анын терминдерине кадимки маанисинде калыс түшүндүрмө берүү керек. .

**1.** Келишимдин 3-беренесине ылайык Бирлик өз ишин Келишимде белгиленгендей ага мүчө мамлекеттер берген компетенциясынын чегинде, анын ичинде рынок экономикасынын жана ак ниет атаандаштыктын принциптерин сактоонун негизинде жүзөгө ашырат.

Бирликтин компетенциясын аныктоо менен мүчө мамлекеттер Келишимге XVIII бөлүмдү киргизди, анда Бирликке мүчө мамлекеттердин аймактарында атаандаштыкка каршы аракеттерди жана эки же андан көп мүчө мамлекеттердин аймагында чек ара аралык рыноктордо атаандаштыкка терс таасирин тийгизүүчү аракеттерди аныктоону жана аларга бөгөт коюуну камсыз кылган атаандаштыктын жалпы принциптери жана эрежелери белгиленген (Келишимдин 74-беренесинин 1-пункту).

Келишимдин XVIII бөлүмүндө белгиленген жалпы атаандаштык принциптерин жана эрежелерин сактоо максатында Бирликтин туруктуу иш алып баруучу органдарынын бири катары мүчө мамлекеттердин чарбакер субъекттери (рынок субъекттери), ошондой эле жеке жактары жана ишкердик ишмердүүлүк жүргүзбөгөн мүчө мамлекеттердин коммерциялык эмес уюмдары тарабынан жалпы атаандаштык эрежелерин бузуулар, финансы рынокторун кошпогондо (Келишимдин 76-беренесинин 7-пункту), эгерде мындай бузуулар эки же андан көп мүчө мамлекеттердин аймактарында чек ара аралык рыноктордогу атаандаштыкка терс таасирин тийгизсе же тийгизиши мүмкүн болсо, аларга бөгөт коюу боюнча ыйгарым укуктар Комиссиянын компетенциясына таандык.

Ошентип мүчө мамлекеттер Бирликтин юрисдикциясына жана Комиссиянын аталган чөйрөдө жогоруда көрсөтүлгөн адамдарды жоопкерчиликке тартууга ыйгарым укуктарына макулдугун билдиришти.

**2.** Берилген компетенциянын алкагында ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууда Комиссия Протоколдун 10-пунктунун 4-пунктчасынын жоболоруна ылайык мүчө мамлекеттердин чарбакер субъекттери (рынок субъекттери) аткарышы үчүн милдеттүү болгон чечимдерди кабыл алат, анын ичинде:

- ушул Келишимдин XVIII бөлүмүндө жана Протоколдо каралган учурларда мүчө мамлекеттердин чарбакер субъекттерине (рынок субъекттерине) карата айыптык санкцияларды колдонуу жөнүндө;

- атаандаштыктын жалпы эрежелерин бузууну токтотууга, аларды бузуунун кесепеттерин жоюуга, атаандаштыкты камсыз кылууга багытталган аракеттерди жасоо жөнүндө.

Протоколдун 10-пунктунун 4-пунктчасына ылайык Комиссия кабыл алуучу чечимдер коомдук ыйгарым укуктар берилген улуттан жогору орган

тарабынан чыгарылган Бирликтин укугун колдонуунун жеке актылары болуп саналат жана улуттан жогору монополияга каршы контролдун субъекттери үчүн: юридикалык жактар үчүн да, жеке жактар үчүн да укуктук кесепеттерди жаратуучу эркти камтыйт.

Мындан тышкары Протоколдун 16-пунктунда укук бузуулардын курамы, аларды жасагандыгы үчүн айыптык санкцияларды көрсөтүү менен бекитилген. Бул чөйрөдө жасалган укук бузуулар үчүн Комиссия тарабынан жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн болгон субъекттердин арасында юридикалык жактардан жана жеке ишкерлерден тышкары жеке жактар да көрсөтүлгөн.

**3.** Протоколдун 14-пунктуна ылайык Комиссиянын атаандаштык чөйрөсүндөгү актылары Протоколдун жоболорун эске алуу менен Соттун Статутунда каралган тартипте Бирликтин Сотунда талашууга жатат.

Ошондой эле Соттун Статутунун 39-пунктунда Сот Келишимди, Бирликтин алкагындагы эл аралык келишимдерди жана (же) Бирликтин органдарынын чечимдерин Бирликке мүчө мамлекеттин, ошондой эле чарба жүргүзүүчү субъекттин арызы боюнча ишке ашыруу маселелери боюнча келип чыккан тиешелүү талаштарды карай тургандыгы каралган. Ошону менен бирге Соттун Статутунда жеке ишкер статусу берилбеген жеке жактар Комиссиянын чечимдерин талашуу жөнүндө арыздар менен Сотко кайрылууга укуктуу экендиги түздөн-түз көрсөтүлгөн эмес.

**4.** Чарба жүргүзүүчү субъекттин түшүнүгү Соттун Статутундагы мааниси боюнча Протоколдогу чарба жүргүзүүчү субъект (рынок субъекти) түшүнүгүнөн айырмаланат.

Соттун Статутунун 39-пунктунан көрүнүп тургандай, бул түшүнүк мүчө мамлекеттин же үчүнчү өлкөнүн мыйзамдарына ылайык катталган юридикалык жакты же мүчө мамлекеттин же үчүнчү өлкөнүн мыйзамдарына ылайык жеке ишкер катары катталган физикалык жакты камтыйт, бирок киреше алып келүүчү кесипкөй ишмердүүлүгү мүчө мамлекеттердин мыйзамдарына ылайык мамлекеттик каттоодон өтүүгө жана (же) лицензиялануууга тийиш болгон жеке жакты камтыбайт.

Протоколдун 2-пунктунун 20-пунктчасында белгиленген «чарба жүргүзүүчү субъект (рынок субъекти)» түшүнүгүнүн аныктамасынан келип чыккандай, бул түшүнүк коммерциялык уюмду да, ал үчүн киреше алып келүүчү ишти жүзөгө ашыруучу коммерциялык эмес уюмду да, ошондой эле жеке жактардын эки категориясын камтыйт: 1) жеке ишкер, ошондой эле 2) мүчө мамлекеттердин мыйзамдарына ылайык киреше алып келүүчү кесиптик ишмердүүлүгү мамлекеттик каттоого жана (же) лицензиялоого тийиш болгон жеке адам.

Протоколдун жоболорун, ошондой эле Евразия экономикалык комиссиясынын Кеңешинин 2012-жылдын 17-декабрындагы № 118 чечими менен бекитилген Атаандаштыктын жалпы эрежелерин бузгандыгы үчүн айып пулдарды эсептөө жана салуу тартиби жөнүндө методиканы талдоо, Протоколдун жана Келишимдин 76-беренесинин мааниси боюнча чарба жүргүзүүчү субъект (рынок субъекти) болуп эсептелбеген жеке жактар эки

категорияга бөлүнүшү мүмкүн экенин көрсөтөт.

Биринчиден, бул кызмат адамдары, чарба жүргүзүүчү субъекттер (рынок субъекттери) сыяктуу эле Келишимдин 76-беренесинин курамында каралган төмөндөгү бардык укук бузуу түрлөрү боюнча жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн: үстөмдүк абалынан кыянаттык менен пайдалануу (Келишимдин 76-беренесинин 1-пункту); ак ниет эмес атаандаштык (Келишимдин 76-беренесинин 2-пункту); атаандаштыкка каршы макулдашуулар (Келишимдин 76-беренесинин 3–5-пункттары); экономикалык ишмердүүлүктү координациялоо (Келишимдин 76- беренесинин 6-пункту).

Экинчиден, бул чарба жүргүзүүчү субъекттерге (рынок субъекттерине) да, кызмат адамдарына да кирбеген физикалык жактар. Алар Келишимдин 76- беренесинде каралган алты укук бузуу түрүнүн ичинен бирөөсү үчүн гана, тактап айтканда, экономикалык ишмердүүлүктү координациялоо (Келишимдин 76-беренесинин 6-пункту) үчүн жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн. Мындай мүмкүнчүлүк Келишимдин 76-беренесинин 6-пунктунда түздөн-түз көрсөтүлгөн, анткени анда жоопкерчилик чарба жүргүзүүчү субъекттерге (рынок субъекттерине) гана эмес, коммерциялык эмес уюмдарга жана физикалык жактарга да жайылтылат, ошондой эле Протоколдун 16- пунктунун 3-пунктчасы бул категориядагы укук бузуу үчүн айып пулдун өзүнчө өлчөмүн белгилейт: физикалык жактар үчүн – 20 миңден 75 миң орус рублине чейин жана кызмат адамдары жана жеке ишкерлер үчүн – 20 миңден 150 миң орус рублине чейин.

Мындай жактар Комиссияга маалымдарды (маалыматтарды) анын талабы боюнча көрсөтпөгөндүгү же кечиктирип көрсөткөндүгү үчүн, же билип туруп анык эмес маалыматтарды (маалыматтарды) Комиссияга бергендиги үчүн, же тартип бузуучуну белгилүү бир аракеттерди жасоого милдеттендирген Комиссиянын чечимдерин аткарбагандыгы, талаптагыдай эмес аткаргандыгы же мөөнөтүндө аткарбагандыгы үчүн да жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн (Протоколдун 16-пунктунун 5 жана 6-пунктчалары).

Жогоруда баяндалганга Протоколдун жоболорун жана Соттун Статутунун 39-пунктун талдоо атаандаштыктын жалпы эрежелери чөйрөсүндө жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн болгон жеке адамдардын төрт категориясын аныктоого мүмкүндүк берет:

а) Протокол маанисинде чарба жүргүзүүчү субъекттер (рыноктун субъекттери) болуп саналган жеке ишкерлер;

б) мүчө мамлекеттердин мыйзамдарына ылайык кесиптик киреше алып келүүчү иши мамлекеттик каттоодон жана/же лицензиялануга тийиш болгон жана Протоколдун маанисинде чарба жүргүзүүчү субъекттер (рынок субъекттери) болуп саналган жеке жактар;

в) кызмат адамдары;

г) жогоруда көрсөтүлгөн категориялардын бирине да кирбеген жеке жактар.

Саналып өткөн категориялардын ичинен жеке ишкерлер гана Соттун Статутунун 39-пунктунун 2-пунктчасынын негизинде Сотко кайрылууга

укуктуу.

Ошентип Комиссия чек ара аралык рыноктордо атаандаштыктын жалпы принциптери жана эрежелери бузулган учурда жеке жактарга айып салуу боюнча компетенцияга ээ. Мында Соттун Статутунда Протоколдун 14-пунктунда жеке жактардын арыздары боюнча Комиссиянын актыларын талашуу боюнча иштерди кароо боюнча Соттун компетенциясы жөнүндө ченем каралган эмес.

**5.** Келишимдин 3-беренесине ылайык Бирликтин иши эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерине жана ченемдерине, ошондой эле адамдын жана жарандын конституциялык укуктарынын жана эркиндиктеринин үстөмдүгү принцибин (Келишимдин преамбуласы) сөзсүз сактоо зарылдыгына негизделген.

Сот аркылуу коргоо укугунун элементи болуп административдик санкцияларды дайындоо жөнүндө административдик органдардын чечимдерин соттук кайра кароонун кепилдиги саналат, буга жоопкерчилик чараларын дайындоо жөнүндө Комиссиянын актылары да кирет. Мында сот аркылуу коргоо укугунун мазмуну ар бир адам өзүнүн укуктарын жана милдеттерин аныктоодо анын ишин компетенттүү Сот тарабынан териштирүүгө укуктуу экендигин карайт.

Комиссия өзүнүн чечимдери менен жеке ишкер статусу берилбеген жеке жактарды да жоопкерчиликке тартат, бул мындай жактардын укуктары менен милдеттеринин өзгөрүшүнө алып келет, анткени Комиссия алардын укуктарында жана милдеттеринде балансты соттук тартипте гана биротоло аныктоого багытталган жогоруда айтылган кепилдиктерден ажыратылышы мүмкүн эмес.

Бирликтин чек ара аралык рынокторунда атаандаштыктын жалпы эрежелерин бузуу жөнүндө иштерди кароо боюнча Бирликтин Сотунун компетенциясынын атайын мүнөзү Соттун Статутунун 39-пункту жана Протоколдун 14-пункту менен аныкталган. Ошентип Протоколдун 16- пунктунда каралган айыптарды салуу жөнүндө Комиссиянын чечимдерин талашуу тууралуу иштер боюнча Соттун предметтик компетенциясы Бирликтин укук ченемдери менен белгиленген.

Ошону менен бирге жеке ишкерлер болуп саналбаган жеке жактар тарабынан мындай талаптарды кароо боюнча Соттун субъекттик компетенциясы Бирликтин укук ченемдери менен каралган эмес. Бул анын мындай элементинин камсыз кылынбагандыгы натыйжасында көрсөтүлгөн адамдардын адилеттүү соттук териштирүүгө укуктарын ишке ашырууга укуктук кепилдиктердин жоктугу жөнүндө жана укук ченемдеринин негизинде компетенттүүлүктү орнотуу жана жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн болгон ар кандай категориядагы адамдардын укуктары менен милдеттеринин теңсиздиги жөнүндө күбөлөндүрөт.

**6.** Соттун Чоң коллегиясы Бирлик региондук экономикалык интеграциянын эл аралык уюму экенин, ал эл аралык укуктук субъективдүүлүккө жана органдардын өз системасы менен функционалдык

иммунитетке ээ (Келишимдин 1-беренесинин 2-пункту) болуп саналарын белгилейт, аларга Бирликтин туруктуу иштөөчү, жөнгө салуучу органы катары Комиссия да кирет (Келишимдин 18-беренесинин 1-пункту).

**7.** Конкреттүү талашты чечүү боюнча Соттун компетенциясы бар экендиги жөнүндө маселе, анын ичинде ratione personae компетенциясын кошкондо, Соттун Статутунун 41-пунктуна ылайык Сот өзү чечет. Мында Сот Келишимди, Бирликтин алкагындагы эл аралык келишимдерди жана (же) Бирликтин үчүнчү тарап менен эл аралык келишимдерин жетекчиликке алат. Демек, Сот белгилүү бир арыздын кабыл алуу маселесин чечүүнүн алкагында арыз ээси Соттун Статутунун 39-пунктунун маанисинде чарбакер субъект болуп эсептелеби жана Комиссиянын талашылган чечими менен анын укуктары жана мыйзамдуу кызыкчылыктары таасир эткендигин аныктайт. Бирок бул Соттун өз компетенциясын (анын ичинде субъектти) кеңейтүү (тарытуу) укугун билдирбейт. Буга ошондой эле Келишимдин 8-беренесинин 2-пунктунун ченеми көрсөтөт, ага ылайык Бирликтин органдары Келишим жана Бирликтин алкагындагы эл аралык келишимдер тарабынан берилген ыйгарым укуктардын чегинде аракеттенишет.

Келишимде Сотко кайрылуу укугу берилбеген арыз ээлеринин катышуусу менен талаштарды чечүүнү Соттун компетенциясына киргизүү эл аралык сотко компетенцияны берүү мамлекеттердин макулдугуна негизделгендиги жөнүндө Эл аралык-укуктук жалпыга таанылган мамилеге ылайык Бирликке мүчө мамлекеттердин прерогативин түзөт, бул Соттун Статутунун 40-пунктунан келип чыгат.

Баяндалгандардын негизинде Сотко жеке жактардын катышуусу менен иштерди кароо боюнча компетенцияны ыйгаруу алар тарабынан өз алдынча жүзөгө ашырылышы мүмкүн эмес. Соттун Чоң коллегиясы азыркы учурда Бирликтин укугу тарабынан берилген укуктарга жана мыйзамдуу кызыкчылыктарга таасир тийгизген атаандаштык чөйрөсүндөгү Комиссиянын актыларын талашууда жеке жактардын сот аркылуу коргоого болгон укугун ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү каралбагандыгын белгилейт.

**8.** Баяндалганды эске алып, Соттун Чоң коллегиясы төмөнкүдөй түшүндүрмө берет:

**8.1.** Сот Бирликтин укугу менен Комиссиянын чек ара аралык рыноктордогу атаандаштык чөйрөсүндөгү бузуулар үчүн жоопкерчиликти аныктаган чечимдерин талашуу жөнүндө иштерди мүчө мамлекеттин же үчүнчү мамлекеттин мыйзамдарына ылайык жеке ишкер катары катталган жеке жактардын гана арыздары боюнча кароого компетенцияга ээ. Башка жеке жактардын арыздары боюнча талаштарды Сотто кароо Соттун Статутунда каралган эмес.

**8.2.** Соттун компетенциясын өзгөртүү Бирликке мүчө мамлекеттер тарабынан Келишимдин 115-беренесинин негизинде Соттун Статутуна тиешелүү түзөтүүлөрдү киргизүү аркылуу жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

## III. Корутунду жоболор

Ушул Консультативдик корутундунун көчүрмөсү арыз ээсине жөнөтүлсүн.

Консультативдик корутунду Соттун расмий интернет сайтына жайгаштырылсын.

Төрагалык кылуучу А.А. Дронов

Судьялар А.М. Ажибраимова
Э.В. Айриян
Д.П. Александров
А.А. Забара
Е.Ж. Исмаилов
М.Т. Кайыпов
А.Б. Кишкембаев
Н.В. Павлова
А.Г. Тунян